КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**01-июль 2025-жыл № 6** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу 1-Май айылында жайгашкан № 14 1-Май атындагы орто жалпы билим берүү мектебинин атын өзгөртүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.05.2012-жылдагы № 346 токтомуна, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басарынын 14.04.2025-жылдагы № 18-3942 сандуу каты, Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын 23.05.2025ж. № 10-05/875 сандуу каты, Кеңеш айыл өкмөтүнүн 26.06.2025-жылдагы № 01-17/464 сандуу каты жана Билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана башка социалдык-маданий маселелер, жаштар менен иштөө комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү IX-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. № 14 1-Май атындагы орто жалпы билим берүү мектебине Кулиев Шариптин ысымы ыйгарылып, мындан ары № 14 Кулиев Шарип атындагы орто билим берүү мектеби деп атоо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын тиешелүү мамлекеттик органдарга каттоо жана расмий маалымат базаларына өзгөртүү киргизүү үчүн Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана социалдык бөлүмгө милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыяlансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**